Жоробек Сатылганов атындагы орто
мектебинин жаш өспүрүмдөр арасындагы
кылмыштуулуктун зордук-зомбулуктун, укук
бузуулардын,өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын
алуу багытында ата-энелер чогулушунун

# Токтому

25-октябрь 2022-жыл Кара – Ой айылы

**Чогулушка катышкан мүчөлөр:**

Гүлмайрам Нурманбетова – Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси
Кенже Карагулова - Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары
Акылбек Эсеналиев – Ак-Талаа районунун башкы имамы
Жалилов Мухамбет Патаевич – Ак-Талаа райондук прокурорунун убактылуу милдетин аткаруучу
Ильяз уулу Кайрат – Ак-Талаа РИИБнун ЖИИнын инспектору
Г.Кулубаева -тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары
А.Артыкбаев -соц.педагог
Чогулушка катышкан ата-энелердин саны: 116
Чогулушка катышкан окуучулардын саны: 129

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын,өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн, диний экстремизмдин алдын алуу багытында ата-энелерге биргелешкен иш чаранын негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү

Чоң кылмыш кичинеден башталат" деген темада болгон окуядан алынган тасма көрсөтүлүп, соцпедагог, ата-энелер, окуучулар менен бирдикте талкуу жүргүзүлдү.

Угулду. Күн тартибиндеги маселе боюнча Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнүн бөлүмүнүн жетектөөчү адиси **Гүлмайрам Нурманбетова** билдирүү жасады. Саламатсыздарбы? Урматтуу Кара-Ой айылынын тургундары, ата-энелер, окуучулар! Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн, диний экстремизмдин алдын алуу багытында ата-энелерге биргелешкен иш чаранын негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн сиздер менен жолугушуп отурабыз. Дегеле жаш өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулук, ата-энелер жана башкалар тарабынан зордук-зомбулуктар болбосун деп тилейли. Балдар кесипти туура тандоосуна багыт берели. Буга чейин "Энелер мектеби" боюнча иш жүргүзүп келсек, азыркы учурда "Ата-энелер мектеби" долбоорун ишке ашыруу планы менен иштеп жатабыз. Ата-эне менен баланын ортосунда баарлашуу азайып кеткенинин себеби эмнеде? Бала эмнеге муктаж? Сени жакшы кийинтип атабы? ж.б. суроолорго эмне деп жооп беребиз.

Ата-энелерден бул суроолорго акыркы учурда баланын баары телефонго кызыга баштаганын, керек болсо ата-эне өзүбүз да телефонго көп убактыбыз кетерин билебиз.

Демек, ата-энелер, окуучулар бул көйгөйлүү маселе. Телефонду туура багытта гана пайдалануубуз керек.

Балага ишенүү зарыл, ата-энелер балдардын турмушу, ой-толгоолору, көйгөйлөрү менен кызыгып, аларды чечүүгө жардам берүү зарыл. Балага жакын болуп, жакшы мамиле кылуу зарыл экенин баардыгыбыз билебиз деп эсептейм!

Ак-Талаа районунун башкы имамы **Акылбек Эсеналиев** өз сөзүн ыйман сөзү менен баштап,

Сканировано с CamScanner

адамдарды ыймансыздык кыйнап жатат. Ошондуктан баарыңыздарды ыймандуулукка чакырам. Ата-эне балага кандай мамиле кылуу керек? Балага 6 жашка чейин падышадай мамиле кылуу керек. 6 жаштан 12 жашка чейин достой мамиле кылуу керек. 12 жаштан 18 жашка чейин кеңешип, сырдашып чоң адамдай мамиле кылуу керек.

Баланын тарбиясы үйдөн башталат. Үйдө тарбияны уккан бала мектепте тартиптүү болот. Ал эми үйдөгү терс көрүнүштөрдү көрүп, туура эмес тарбия көргөн бала мектепте, коомдо тартипсиз болушу мүмкүн. Ошондуктан тарбия үйдөн берилет, мектеп билим берет деп билели. 6 жаштан 25 жашка чейин адамдын акылы көздө болот. Көз менен эмнени көрсөк ошону жасайт экенбиз. 25 жаштан 50 жашка чейин акыл башта болот. 50 жаштан 100 жашка чейин акыл жүрөктө болот.

Балага тарбияны эне берет. Эмнеге десек бала дайыма эненин жүрөгүндө болгондуктан эненин сөзүн угат. Бала барчылыктан, кыз жокчулуктан бузулат дейт экенбиз. Ошон үчүн эркек балдарыбызды эмгекчил кылып тарбиялашабыз керек экен. Кыздарга жокчулукту көрсөтпөгөнгө аракет кылышыбыз керек. Адам 60ка келгенден кийин аны ким багат? Балдары багат. Кандай болсо? Баласы адептүү, ыймандуу, эмгекчил болсо. Ошондуктан ар бир ата-эне балдарыбыздын ыйманын тилейли! Балага тарбияны эне берет. Эмнеге десек бала дайыма эненин жүрөгүндө болгондуктан эненин сөзүн угат. Эң чоң бактылуулук бул жүрөктүн тынчылыгы. Максатыма жетпей калдым деп өкүнбөгүн, максатым жок деп өкүн! Ошондуктан ата-энелер, окуучулар максатыбыз, оюбуз, жүрөгүбүз бир болсун!

Ак-Талаа райондук прокурорунун убактылуу милдетин аткаруучу **Жалилов Мухамбет Патаевич** өз сөзүндө өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер менен иштөөнү жандандыруу максатында бардык мектептерде мекемелер менен биргелешип түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөбүз. Бизге билинбеген менен кылмыштар болууда. КРӨнүн №390 токтомунда зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча иш жүргүзүү ата-энелерге тиешелүү экенин билесиздер. Зордук-зомбулуктун түрлөрү бар. Зордук-зомбулуктун купуя сыры бар. Жакшы купуя сыр болот, жаман купуя сыр болот. Зордук-зомбулукка кабылган кыз же бала өзүнүн жакын көргөн адамына айтат. Чоочун адамдар менен сүйлөшкөндө этият болгула. Мектептен зомбулукка кабылып калсаңар соцпедагогго айтуу керек. Чет өлкөлөргө барууда этият болуу керек. Адам сатуудан кулчулукка айланат. Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдарга документ алып бергенге жардам беребиз. Ар бир ата-эне күнүгө баласынын мүнөзүнө карап мамиле кылуусу керек. Окуучулар силер дагы татыктуу билим алганга аракет кылгыла. Билимдүү адам эч качан көчөдө калбайт.

Ак-Талаа РИИБнүн ЖИИнын инспектору **Ильяз уулу Кайрат** өз сөзүндө ар бирибиз балдардын тарбиясына, тартибине көзөмөлдүк кылып туруу керек экендигин унутпайлы. КРнын кылмыш жаза кодекси 300дөн ашуун болсо, анын ичинде КРнын жоруктар жана бузуулар боюнча жаш өспүрүмдөр арасында рэкетчилик, коркутуп-үркүтүү фактылары катталышы мүмкүн. Ар бир ата-эне баласын кечкисин 20.00дөн кийин көчөгө чыгарбоого милдеттүү. Майрам күндөрү үйлөргө, кафе ресторандарга чогулуп иш чараларды уюштурууга тыюу салынат. Эгерде мыйзамсыз иш чараларды, отуруштарды уюштуруп берген ата-энеге ИИМдин кызматкерлери тарабынан 5000 сомдон 20000 сомго чейин айып пул салынат. Бул боюнча графиктин негизинде кыдыруулар болуп, профилактикалык иштер жүргүзүлүүдө. Балдарыңар терс көрүнүштөргө кабылып калбасын, бала өзү билемдик кылып ар кандай кылмышка кабылып калбасын. Мындай көрүнүштөрдөн алыс болгула демекчимин.

Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары **Кенже Карагулова** өз сөзүндө, бүгүнкү күндө Кыргызстан боюнча кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча каршы күрөшүү үчүн иштер дайыма жүргүзүлүп жатат. Балдар биздин келечегибиз болгондуктан, дайыма кам көрүп келебиз. Ошого карабастан турмушта ар кандай жат көрүнүштөр кездешүүдө. Кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, өз жанын өзү кыюунун алдын алууну ар бир ата-эне, сиздер таалим-тарбияны күчөтүү аркылуу жойсок болот. Ошон үчүн балага өзүбүз үлгү боло тургандай иштерди жасашыбыз керек. Ата-эне, мугалим балага туура багыт берип тарбияны үйрөтүүгө жетишиш керек. Ата-энелер неберелер бизге аманат. Ошол эле учурда алар аманат кылып таштаган сырткы мигранттардын балдарына зордук-зомбулук көрсөтпөй, кылмыштуулуктан алыс кылып тарбиялоого ата-энелердин ордун алмаштыруучуларга сунуштады. Бирок жыл сайын график боюнча мектептерди кыдырып ата-

Сканировано с CamScanner

энелерге, окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөндүктөн, кылмыштуулуктун саны азайууда. Азыр тилекке каршы балдарыбыз уюлдук телефонду көп колдонот. Эмне кылып жатканын билбейбиз. Балаңыз телефонду колдонгонуна чектөө коюу керек. Мектепке баратканда телефонун үйгө таштатуу керек. Себеби балага телефонду дайыма берүү акыл сезимди азайтат. Бала жакшы болсо атанын, жаман болсо эненин баласы болот. Балдар, силердин келечегиңер кенен. Ошондуктан ыймандуу болуп, жакшы тарбия, билим алгыла. Ар бирибиз балдардын тарбиясына, тартибине көзөмөлдүк кылып туруу керек экендигин унутпайлы. Ата-энелер менен мектептин байланышы, жоопкерчилиги жогору болуусу зарыл. Мектептеги түзүлгөн шартка жараша ар бир ата-эне баласын жакшы окууга үндөшүңөр керек. Балага берилген тарбиянын, билимдин натыйжасы болсун. Мигранттын балдарына дайыма көзөмөл кылуу керек. Зордук-зомбулукка кабылса, тиешелүү чаралар көрүлөрүн эскерте кетели. Баарыңыздар келечекте билимдүү, илимдүү балдардын ата-энеси болушуңуздарга тилектешмин.

**Ата-энелерден:** Молдосалиева Шайыр апа өз сөзүндө бүгүнкү чогулушта керектүү маалыматтарды алдык, сиздерге ырахмат! Кылмыштуулук, балдарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулук маселелери баарыбызда болбосун. Ушундай жаман сапаттардан алыс болуу үчүн ар бир ата-эне өз балдарыбыздын милдетин өзүбүз алып, коомчулук менен бирге баарыбыз балдарга туура жол көрсөтүшүбүз керек деп эсептейм.

**Окуучулардан** 11-б класстын окуучусу Жыргалбай уулу Казакбай бүгүнкү күндө мектептерде окуучулар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Биздин эң негизги милдетибиз билим, тарбия алып, аны турмушубузда колдонуу деп эсептейм. Ар бирибиз өзүбүз каалаган кесиптин ээси болуу үчүн жакшы окуп жетишели. Мектепте, коомчулукта өзүбүздү үлгүлүү алып жүрөлү.

Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Гүлай Кулубаева өз сөзүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу багытында ата-энелерге биргелешкен иш чаранын негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келген топко ыраазычылык билдирди. Бүгүнкү чогулушта мектеп жамаатына, ата-энелерге, окуучуларга керектүү маалымыт алдык деп эсептейм.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, ата-энелер чогулушу чечим кылат:

1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын,өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн, диний экстремизмдин алдын алуу багытында ата-энелерге биргелешкен иш чаранын негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы класс жетекчилерге, мектептин педагогикалык жамаатына, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г. Кулубаевага, соц. педагог А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаевага калтырылсын.

Мектеп директо[illegible] [illegible]өлөбек кызы Анара

Кат[illegible] Кулубаева

Сканировано с CamScanner